DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Дуйшонбаева А.Б., Осмонова Б.А.*

# СУВЕРЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН САЯСИЙ РАКУРСУНДАГЫ ИНТЕРНЕТ – МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ОРДУ ЖАНА РОЛУ

*Дуйшонбаева А.Б., Осмонова Б.А.*

# МЕСТО И РОЛЬ ИНТЕРНЕТ - СРЕДСТВ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ В ПОЛИТИЧЕСКОЙ ПЕРСПЕКТИВЕ СУВЕРЕННОГО КЫРГЫЗСТАНА

*A. Duishonbaeva, B. Osmonova*

# THE PLACE AND ROLE OF INTERNET MEDIA IN THE POLITICAL PERSPECTIVE OF SOVEREIGN KYRGYZSTAN

*УДК: 9.93*

*Макалада Эгемендүү Кыргыз Республикасындагы массалык маалымат каражаттарынын мамлекеттин саясий жашоосундагы орду жана ролу, укуктук нормалары, анын мыйзамдын негизинде жонго салынышы талдоого алынды. Интернет-маалымат каражаттарынын укуктарын аныктоо маселеси – интернет-маалымат каражаттарына көзөмөл орнотуу үчүн соодалашкан тема болуп саналат. Өлкөбүздөгү мыйзамдарга ылайык, интернет-басылмалар маалымат каражаты болуп саналбайт. Ошондой эле укуктук жактан жөнгө салынбайт. Бул басылмалардын укуктук статусунун айкын болбогондугу аларды маалыматтык согуш үчүн өзгөчө куралга айландырат. Тактап айтканда, оппозиция өз максаттарын билдирүү, бийликти сындоо үчүн, а түгүл өзүнүн тарапташтарын активдүү аракетке чакыруу үчүн Интернетти активдүү колдонот. Көпчүлүк өлкөлөрдүн жетекчилери Интернетти, интернет-маалымат каражаттарын аудиторияны башкаруунун мыкты ресурсу болуп саналгандыгын мойнуна алышат. Ошондуктан, көпчүлүк өлкөлөрдө жөнгө салуунун катуу тартиби аркылуу анын мүмкүнчүлүктөрүн чектөөгө жасалган аракети жүрүүдө. Жыл өткөн сайын интернет - маалымат каражаттарынын рыногу өсүп, салттык маалымат каражаттары интернет мейкиндигине өтө баштады. Ошол себептен, интернет-ресурстарына массалык маалымат каражаттарынынн статусун берүү аракетинин жүрүшү бүтүндөй өлкөдөгү Массалык маалымат каражаттарынын катарында көзөмөлгө алуу багытындагы далалат катары бааланат. Ушул жана башка маселелер актуалдуу болуп, макалада анын урунттуу учурларын кароого аракеттер жасалды.*

***Негизги сөздөр:*** *интернет-маалымат каражаттары, басылма, укуктук статус, оппозиция, маалымат-рыногу, интернет-ресурс.*

*В статье анализируются роль и место СМИ в политической жизни независимой Кыргызской Республики, верховенство закона и его правовое регулирование. Определение прав онлайн-СМИ является козырем для контроля над сетевыми СМИ. По законам нашей страны интернет-издания не являются СМИ. Это также не регулируется законом. Неопределенность правового статуса этих изданий делает их особым инструментом информационной войны. В частности, оппозиция активно использует Интернет для выражения своих целей, критики власти и даже для мобилизации своих сторонников. Руководители многих стран признают, что Интернет и сетевые СМИ являются лучшими ресурсами для управления аудиторией. Поэтому во многих странах предпринимаются попытки ограничить его возможности посредством жестких регламентационных процедур. С каждым годом рынок интернет-СМИ рос, и традиционные СМИ начали перемещаться в интернет-пространство. Поэтому попытка придать Интернет-ресурсам статус СМИ рассматривается как попытка контролировать количество СМИ в стране. Эти и другие вопросы являются актуальными, и в статье делается попытка рассмотреть их основные моменты.*

***Ключевые слова:*** *интернет-СМИ, издание, правовой статус, оппозиция, информационный рынок, интернет-ресурс.*

*The article analyzes the role and place of the media in the political life of the independent Kyrgyz Republic, the rule of law and its legal regulation. The definition of the right online media is a trump card for controlling the online media. According to the laws of our country, online publications are not published in the media. This is also not regulated by law. The uncertainty of the legal status of these publications makes them a special tool of the information war. In particular, the opposition actively uses the Internet to express its goals, criticize the authorities and even mobilize its supporters. Managers of many countries recognize that the Internet and network media are the best resources for auditorium management. Therefore, in many countries, attempts are made to limit its possibilities by means of strict regulatory procedures. With each passing year, the Internet media market has grown, and traditional media outlets have begun to move into the Internet space. Therefore, the attempt to give Internet resources the status of the media is considered as an attempt to control the amount of media in the country. These and other questions are relevant, and in the article there is an attempt to consider their key moments.*

***Key words:*** *internet media, publication, legal status, opposition, information market, internet resource.*

Кыргызстан – советтик башкаруу системасынын базасында курулган постсоветтик жана демократиялык стандартта өнүгүү аракетиндеги мамлекет. Ал постсоветтик алкактагы мүмкүн болгон саясий курулуштардын баардыгын айкалыштыруу, аралаштыруу үчүн ыңгайлуу лаборатория болуп саналат. Өнүгүү багытынын бул артыкчылыгы, жарандык коомдуу калыптандыруунун маанилүү элементи, куралы катары социалдык институттарды өнүктүрүп, Массалык маалымат каражаттарынын ролунун өзгөчөлүктөрүн калыптандырат. Өлкөнүн саясий турмушу коомдун калыптанышындагы түйүндүү бөлүк болуп эсептелгендиктен, ал Массалык маалымат каражаттарынын иштердигиндеги нагизги чөйрө катары таанылат. Ошондуктан, классикалык функциясы менен катар эле Массалык маалымат каражаттарынын саясат чөйрөсүндө да аткара турган функциясы бар. Ал жарандар жана бийлик органдары үчүн маанилүү болгон окуялар жөнүндөгү маалыматтарды алып, таркатуудан турат. Массалык-медиа тарабынан өндүрүлүп жана берил-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ген маалыматтар ал же бул саясий окуяларды сүрөт коштоп калыс чагылдырууну эле эмес, аларга комментарий жана баа берүүлөрдү да өзүнө камтыйт. Коомдук мааниге ээ болуп, мамлекеттик органдар тарабынан көңүл бурулушун же алар тараптан аракет жасалышын талап кылган маалыматтар саясий маалыматтын катарына кирет. Алынган маалыматтардын негизинде жарандарда – өкмөттүн, парламенттин, партиялардын, жана башка саясий институттардын ишмердиги жөнүндө, коомдун экономикалык, маданий жана башка турмушу тууралуу көз караштар калыптанат.

Билим берүү функциясы Массалык маалымат каражаттарынын жана башка булактардан алынган маалыматтарды адекваттуу баалоо жана иретке келтирүүгө мүмкүнчүлүк берген жарандык билимди жеткирүүдөн көрүнөт. Адамдын бүткүл өмүрүн, анын ичинде окууну бүткөндөн кийин да коштоп жүргөн массалык медиа, алардын саясий жана социалдык маалыматтарды кабыл алышына белгилүү деңгээлде өз таасирин тийгизет. Массалык маалымат каражаттарынын билим берүү ролу социалдаштыруу функциясы менен тыгыз байланышта. Эгерде, саясий жактан билим берүү – инсандын системалык түрдө билим алышына, таанып билүү жана баалоо мүмкүнчүлүгүнүн кеңейишине багытталса, саясий жактан социалдашуу интернализациялануучу, адам тарабынан саясий нормалардын, баалуулуктардын, буйрук үлгүлөрүнүн өздөштүрүлгөндүгүн билдирет. Ал инсандын социалдык акыйкаттыкка адаптацияланышына мүмкүнчүлүк берет.

Саясий системадагы сын функциясын массалык-медиадан тышкары оппозиция, ошондой эле адистештирилген прокурордук, соттук жана башка көзөмөл институттары да аткарышат. Бирок Массалык маалымат каражаттарынын объектисин президент, өкмөт, сот жана мамлекеттик саясаттын ар кыл багыттары, Массалык маалымат каражаттарынын өзү түзгөн сын – өзүнүн объектисинин кеңдиги же чексиз экендиги менен айырмаланат. Текшерүү функция коомдук пикирлердин салмагына негизделет. Мамлекеттик, чарбалык текшерүү органдарындай, тартип бузуучуларга административдик же экономикалык чара көрө албагандыгы менен, Массалык маалымат каражаттарынын текшерүүсү ал же бул окуяга, тарапка юридикалык баадан тышкары моралдык да баа бергендиктен, көп учурда эффективдүү жана катаал таасир берет. Массалык маалымат каражаттарынын саясатты жана коомдуу сындоо менен гана чектелбейт. Алар түрдүү коомдук кызыкчылыктардын артикуляциясынын конструктивдик функциясын, саясий субъектилердин конституцияга баш ийишин жана интеграциясын да аткарат. Алар коомдук түрдүү топтордун өкүлдөрүнүн жеке көз караштарын ачык-айкын билдирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып, пикирлеш адамдарды таап, алардын башын бириктирет. Алардын жалпы максаттарын жана ишенимдерин тереңдетип, коомдук көз караштагы өз кызыкчылыктарын так калыптандырып көрсөтөт [1].

Кыргызстандын саясий чөйрөсүнүн өнүгүүсүндөгү акыркы окуялар - республикадагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшүнө, жогоруда белгиленген функцияларды жүзөгө ашырышына олуттуу оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизди. Жогоруда белгилегендей, 2005-жыл Кыргызстандын жана аны менен катар интернет - Маалымат каражаттарынын жаңы тарыхынын башталышы катары белгиленип калды. Технологиянын жай өнүгүшүн, калктын кең катмарына Интернеттин кеч киргизилишин эске алганда, акыркы он жылдыкта салттык маалымат каражаттарынын жетектөөчү позициясын сактап, өкмөттүк чектөөнүн туткунунда калды. 2005-жылдагы «Жоогазын» революциясы Массалык маалымат каражаттары массанын аң сезимин өзгөрткөн таасирдүү күч болуп калгандыгын, ал түздөн-түз саясий өзгөрүүгө алып барууга жөндөмдүү экендигин көрсөттү.

Бул учурда Кыргызстан маалыматтык вакуумдан, сөз эркиндигинин чектелишинен, коомдун саясий тандоосунан улам оор абалга туш келип, оппозициялык Массалык маалымат каражаттары алсыз көрүнүшүн колдогон кырдаалда турган. Ошого карабай, көз карандысыз Массалык маалымат каражаттарынын алсыз сындары режимди көзмөлдөп турган дарекке сын маалыматтарынын агымын күчөткөнгө чейин жеткиришти. Ошондуктан, акыркы айларда оппозициялык Массалык маалымат каражаттарынын басылмалары көзөмөлгө алынууда. Ал эми электрондук Массалык маалымат каражаттары бийликтин басымы менен объективдүүлүктөн алыс маалыматтарды берип турушту. Ошондо болуп жаткан окуялардын толук көрүнүшүнөн интернет Массалык маалымат каражаттары окуя болуп аткан жердеги корреспонденттик желеси жана пайдалануучулар даярдаган тексттик, аудио жана видео, фото материалдарды социалдык желе аркылуу ыкчам жана ишенимдүү маалымат катары таркатууга жетишти. Аймактардан маалымат агымы, негизинен, твит-маалыматтары жана өлкөдөгү популярдуу интернет-форум Diesel.kg аркылуу келип турду.

Берүүнүн жаңы мейкиндигине жаңы эле адаптациялана баштаган, буга чейин активдүү позицияны карманбаган интернет - маалымат каражаттары ошондогу жарандык коомго мобилизациялоо учурунда массанын аң-сезимине болуп көрбөгөндөй таасир берип, коомдук-саясий өзгөрүүнүн катализатору болуп калды. Президент А.Акаевди жана анын өкмөтүн кулаткан 2005-жылдагы «Жоогазын» революциясынын учурундагы интернет-маалымат Каражаттары жетектөөчү ролу – Кыргызстандагы жаңы Массалык маалымат каражаттарынын биринчи саясий ийгилиги бо-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



луп калды. Мына ушунун өзү өлкөдөгү жаңы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшүнө күчтүү түрткү берди. Кыргызстандагы жаңы жана социалдык медиалар активдүү өнүгө баштаган учурда – алар ыкчам саясий түскө ээ болушту. Ошондо бул жаңы маалымат булактарын жөнгө салып, башкаруу маселеси келип чыккан.

Эксперттердин көз карашы боюнча, интернет маалымат каражаттары ыктыярдуу катталууга барышына жол берген «өз алдынча чечим» принциби өлкөдөгү маалымат рыногунун чындыгына дал келбейт. Массалык Маалымат Каражаттарынын өнүгүшү, Интернеттин техникалык мүмкүнчүлүгү – мыйзам чегинде каралып чыгышы зарыл болгон медианын жаңы тибин түздү. Мисалы, 2010-жылдын 28-апрелинде «СтанТв» интернет-телеканалынын кыргыз өкүлчүлүгүнүн редакциясы улуттук коопсуздук кызматынын кызматкерлери тарабынан мөөр басылып жабылган. Word 2007 тексттик редактордун пираттык версиясынын редакциянын компьютерлеринин бирине орнотулушу – колдонучулук макулдашуунун тартип бузуп пайдаланылышы катары каралып, маселенин расмий себеби болуп саналган. Узакка созулган талаш-тартыштан, жазана төлөмүн жүргүзгөндөн кийин журналисттер үчүн редакция ачылган.

Өлкөнүн маалыматтык коопсуздугу абдан оор абалда. Себеби, калкты дээрлик чет өлкөлүк Массалык Маалымат Каражаттары башкарат. Тагыраак айтканда, Бишкекте ачык формата көрсөткөн 17 каналдын дээрлик 13ү ОРТ, РТР, Вести-24, Культура, НТВ, СТС, ТНТ, Рен-ТВ, MTV, КТК, Эл-Арна, Хабар, CCTV сыяктуу чет өлкөлүк программалар кайра чагылдырып көрсөтүлөт. Мисалы, Тажикстан тарабынан аймактарга Тажикстандын мамлекеттик телеканалы, “Суг-ТВ”, “Узтрушона-ТВ”, “ТВ Азия-Спорт”, “Канибодом-ТВ” сыяктуу каналдары эркин чагылдырат. Ал эми Өзбекстан тарабынан өлкөнүн жалпы түштүгүнө республикалык телеканалдары Уз-ТВ1 (”Узбекистон” каналы), Уз-ТВ2 ( “Тошкент” каналы ), УзТВ-Спорт, жаштар каналы “Ёшлик” (Ташкент), аймактык “Ёшлар” (ЁТРК, Андижан), “Тараккиёт-ТВ”, “Маргилон-ТВ”, “Мулокот-ТВ”, “Шарк-ТВ”, “Дийдор-ТВ”, облустук мамлекеттик каналдары “Андижан ТВ”, “Наманган-ТВ”, “Фергана ТВ” күнү-түнү токтобой берилет [2]. Өлкөбүздүн калкы Кыргызстандын кызыкчылыктарына туура келбеген чет өлкөлөрдүн бул интерпретациялары аркылуу болуп өткөн чындыкты кабыл алышат. Бул көйгөйлөр өлкөдөгү маалыматтык саясаттын жетишсиздиги, улуттук Массалык маалымат каражаттарынын инфраструктурасынын алсыздыгы, маалымат каражаттарынын рыногунун өнүкпөгөндүгү менен шартталат.

Өлкөдөгү маалымат коопсуздугунун камсыздалышында, маалыматтык жөнгө салууда салттык Массалык маалымат каражаттарынын эффективдүү боло албагандыгын эске алганда, интернет-маалымат каражаттары маанилүү ролду ойнойт. Интернет- маалымат Каражаттары ар башка саясий топтордун активдүүлүгү үчүн кенен аянт түзүп берет. Бул бир тарабынан, маалыматтык камсыздоонун ажырагыс бөлүгү болгон пикирлердин плюрализмин, тандоо эркиндигин жана маалымат агымын камсыздайт. Ошондой эле маалымат коопсуздугуна ылайык, маалыматтык вакуумду толуктайт. Экинчи тарабынан, интернет-маалымат каражаттары техникалык мүмкүнчүлүктөрү, жөнгө салуучу кандайдыр бир эреженин жетишсиздиги – коом тарабынан маалыматтык манипуляция жүргүзүлүшүнө мүмкүнчүлүк жаратат.

2010-жылдын жайында өзбек калкы менен болгон конфликт коштогон маалыматтык согушта өлкө бийлиги өлкөдө болуп жаткан окуяны көзөмөлүнө ала албай калган. Ошондогу улуттук Массалык Маалымат Каражаттарынын даяр болбогондугунан улам, сырткы маалымат ресурстары дестабилдештирүү багытындагы негативдүү маалымат агымын токтотпой, кыргыз маалыматтык талаасы жеңилүүгө дуушар болгон. Бүткүл өлкөдөгү кырдаал Массалык маалымат каражаттарынын баш аламандыкты чагылдыруу манераларына, тонуна көз каранды болгондуктан, улуттук коопсуздукту камсыз кылууда интернет-маалымат каржаттарынын ишмердигин өлкө бийлиги күчөтүлгөн тартипте көзөмөлгө алган. 2012-жылдын февралында өлкө парламенти Фергана өрөөнүндөгү аймактарынын эң ири интернет-басылмасы “Ферганаlistны” жапкан. “Фергана” интернет-басылмасы сапаттуу контетке, Өзбекстанда, Тажикстанда, Кыргызстанда корреспонденттик кенен желеге ээ болгон [3]. Аталган басылма бул өлкөлөрдү сөз эркиндигине күчтүү басым көргөзгөн, жарым тоталитардык режимдеги, саясий, улуттар аралык, диндер аралык конфиликтинин жогорку деңгээлиндеги потенциалына ээ болгон өзгөчө категориядагы Борбор Азия өлкөлөрү катары аныктаган. Ошол себептен, ал чагылдырган материалдар Өзбекстан менен Тажикстандын бийлиги тарабынан ар дайым чабуулга туш болуп турат. Бул мамлекеттерге салыштырмалуу Кыргызстан лоялдык саясий режимдеги өлкө болуп саналат.

«2010-жылдын апрель-июнь айларында республикада болуп өткөн кайгылуу окуяларга алып келген жагдайларды жана шарттарды иликтеп, аныктоо жана аларга саясий баа берүү боюнча убактылуу депу-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



таттык комиссиянын маалыматы жөнүндөгү» документине ылайык, комиссия 2011-жылдын июнь-июль айларынын аралыгындагы «Фергана» интернет-басылмасына жарык көргөн материалдарды комиссия этникалар аралык кастыкты козуткан материалдар катары кабыл алышкан. 2012-жылдын апрелинде улуттук коопсуздук комитетинин төрагасы Шамиль Атаханов аталган интернет-маалымат каражаттарынын контенти атайын программа менен текшериле тургандыгын билдирген. Бул программа 2012-жылдын августунда киргизилип, ал интернет-маалымат каражаттарынын контентиндеги «зыяндуу материалдарды» текшерген.

Көз карандысыз интернет- маалымат каржаттары эркиндик деңгээлине, алардын өлкөнүн саясий турмушуна катышуусуна жүргүзүлгөн мониторинг – акыркы бир канча жылдар аралыгында алар саясий структуралардын күчөтүлгөн тартиптеги тымызын көзөмөлүнүн предмети болуп саналгандыгын, ошону менен катар эле коомдук-саясий процесстерди жүзөгө ашыруунун негизги куралы катары таанылгандыгын көрсөттү.

**Адабияттар:**


1. Интернет: воздействие на личность // Гуманитарные исследования в Интернете / Под ред. А.Е. Войскунского. - М.: Можайск-Терра, 2000. - С. 64- 65.
2. Проблема чистого Интернета: этико-правовые аспекты // Регулирование и саморегулирование СМИ на постсоветском пространстве: материалы семинара Межд. летней школы по медиаправу. - Минск 25-27 мая 2009. - С. 69.
3. Казахстанский контент, казахстанская интернет-экономика, Казахстанское интернет-право, казахскоязычный сегмент / под ред. А. Джалилова. - А.: Экос, 2010. – С. 356.
4. Монахов В.. СМИ и Интернет: проблемы правового регулирования. - М.: Экопринт, 2003. - 300 с.
5. Рассолов И.М. Интернет-право.- М.: Юнити, 2004. - С.147.
6. Мамбеталиева Т.Э. Средства массовой информации и право в кыргызской Республике. - Б.: Билим, 2002. - С. 69.